**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ**

720011, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 469
Тел.: +996 (312) 26-60-66
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г.Бишкек, ул. Фрунзе 469
Тел.: +996 (312) 26-60-66
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

10.12.21 №1/Кл-485
07.12.2021-ж. № 09-08/1441 катына

**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаровго**

**Урматтуу Тынчтык Урайимович,**

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан, Талас областынын тургундары М.Оболбеков, Д.Улушбекова, А.Керимбекова, А.Эралиева жана М.Калмырзаевдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Чойбеков тарабынан шайлоо күнүнө карата өткөрүлгөн үгүт иштери убагында, добуштарды сатып алуулар жана шайлоо участкаларында мыйзам бузуулар болгондугу тууралуу, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына кайрылган арыздары каралып чыгып, төмөнкүлөрдү билдиребиз.

Жаран Д.Улушбекованын 2021-жылдын 28-ноябрында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Чойбековдун үгүттөөчүсү “Ибрагим” аттуу жаран, анын үйүнө келип, талапкер Б.Чойбековго добушуңузду бериңиз деп, ага акча сунуштагандыгы тууралуу кайрылган арызы, 2021-жылдын 8-декабрында Талас шаардык ИИБдин МЭЖне №02-068-2021-002594 саны менен катталып, тиешелүү тергөө амалдары жүргүзүлүүдө.

Жаран А.Эралиеванын 2021-жылдын 27-ноябрында Талас районунун Көпүрө-Базар айылындагы атасынын үйүнө үч бейтаныш кыргыз улутундагы балдар келишип, иниси Т.Курманалиевди сыртка чакырышып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Чойбековго добушуңарды берип койгула, деп акча сунуштагандыгы тууралуу кайрылган арызы, 2021-жылдын 8-декабрында Талас райондук ИИБнин МЭЖне №02-010-2021-001140 саны менен катталып, тиешелүү тергөө амалдары жүргүзүлүүдө.

Жаран М.Оболбековдун 2021-жылдын 28-ноябрында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер

Б.Чойбековдун үгүттөөчүлөрү анын үйүнө келип, талапкер Б.Чойбековго добушуңузду берсеңиз, акча беребиз деп, ага акча сунуштагандыгы тууралуу кайрылган арызы, 2021-жылдын 8-декабрында Талас райондук ИИБнин МЭЖне №02-010-2021-001141 саны менен катталып, тиешелүү тергөө амалдары жүргүзүлүүдө.

Жаран А.Керимбекованын 2021-жылдын 24-ноябрында ал Талас шаарында көчөдөн М.Кулмурзаев жана анын досу Нурсултан деген балдар ага жолугуп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Чойбековго добушуңарды берип койгула, деп ага 4 000 сом акча бергендиги тууралуу кайрылган арызы, 2021-жылдын 8-декабрында Талас шаардык прокуратурасы тарабынан, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Талас облусу боюнча башкармалыгынын МЭЖне №02-827-2021-000094 саны менен катталып, азыркы учурда аталган башкармалыктын тергөө бөлүмү тарабынан тергөө амалдары жүргүзүлүүдө.

Азыркы учурда, жогоруда көрсөтүлгөн материалдар боюнча Тергөө кызматтары тарабынан окуяга тиешеси бар адамдарды тергөө органдарына камсыз кылуу үчүн атайын тапшырмалар берилип, тиешелүү тергөө амалдары толук кандуу жүргүзүлүп жатат, жыйынтыгы менен Кыргыз Республикалык ЖПКнын талаптарына ылайык мыйзамдуу чечим кабыл алынат.

Жаран М.Калмырзаевдин арызы боюнча-Талас ОИИБне Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №21 Талас шайлоо округунан бир мандаттуу талапкер Э.Абдыкадыровдун ыйгарым укуктук өкүлү М.Калмырзаев арыз менен кайрылган. Анда "2021-жылдын 30-октябрында №21 Талас шайлоо округунан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына бир мандаттуу талапкер Чойбеков Бактыбек Каныбековичтин, Талас районунун Көк-Ой айылында болгон үгүттөө иштерине, Талас шаардык кеңешинин төрөгасынын орун басары А.Курамаев катышып жүргөндүгү тууралуу "Фейсбук" интернет тармагына жарыялангандыгын" билдирген.

Аталган билдирүү 19.11.2021-жылы Талас РИИБнүн КЖБРне Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин 87-1-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган жоруктун белгилери менен №03-010-2021-000501 сандуу жорук иши катталып, сотко чейинки өндүрүш иши башталган.

2021-жылдын 23-ноябрь тергөөнүн жыйынтыгы менен аталган фактыда кылмыштын жана жоруктун курамынын белгилери жок болгондуктан, сотко чейинки жорук иши Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунтунун негизинде өндүрүштөн кыскартылган.

2021-жылдын 23-ноябрында №21 Талас шайлоо округунун Ыкчам чара көрүү тобунуна чыгыш №23-13/5842 саны менен кабыл алынган чечим тууралуу билдирүү жиберилген.

Арыз ээлерине жооп жиберилди.

**Урматтоо менен,**

**Министрдин орун басары** **Э. Аширходжаев**